**ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ
МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА МЕКТЕПТЕ БИЛИМ БЕРҮҮ
МИНИСТРЛИГИ АДИСТЕШТИРИЛГЕН БИЛИМ БЕРҮҮ
МЕКЕМЕЛЕРИ АГЕНТТИГИ АЛДЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК
ЧЕБЕРЧИЛИК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БААЛОО ИЛИМИЙ-
ПРАКТИКАЛЫК БОРБОРУ**

# ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИ БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫНАН МУГАЛИМДЕРДИ АТТЕСТАЦИЯДАН ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК СЫНАКТА КОЛДОНУЛУУЧУ ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ

# СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

**Ташкент-2026**

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА МЕКТЕПТЕН ТЫШКАРКЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИ ПЕДАГОГ КАДРЛАРЫН АТТЕСТАЦИЯДАН ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫНДАГЫ КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК СЫНАКТЫН ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАРЫНЫН

# СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

Бул спецификация башталгыч билим берүү багыты боюнча жалпы орто билим берүү мекемелеринин мугалимдерин аттестациядан өткөрүүдө колдонулуучу квалификациялык сынактын тест тапшырмаларынын мазмунуна, камтуусуна, түрүнө, формасына, баалоо критерийлерине жана талаптарды чагылдырат.

## I. Жалпы принциптер

Баалоонун максаты – талапкерлердин башталгыч билим берүү багыты боюнча окутуунун методикасына байланыштуу теориялык билимдерин, практикалык көндүмдөрүн жана компетенцияларын комплекстүү баалоо болуп саналат.

Бул баалоонун жыйынтыктарынын негизинде педагог кадрларды аттестациялоодо кабыл алынуучу чечимдердин негиздүү болушун камсыз кылуу максатында баалоонун бардык этаптарында ишенимдүүлүк, адилеттүүлүк жана ачык-айкындык принциптерине өзгөчө көңүл бурулуусу камсыздалат.

## II. Нормативдик-укуктук негиздер

1. Өзбекстан Республикасы Президентинин 2023-жылы 26-майдагы “Мектепке чейин жана мектепке чейинки билим берүү министрлиги ошондой эле системасындагы мекемелер ишмердүүлүгүн натыйжалуу уюштуруу иш-чаралары жөнүндөгү” PF-79-сандуу жарлыгы.

2. Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-сентябрындагы «Мектепке чейинки, жалпы орто, орто атайын, кесиптик жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринин педагогикалык кадрларын аттестациядан өткөрүүнүн тартибин өркүндөтүү боюнча иш-чаралар жөнүндөгү» 572-сандуу токтому.

3. Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы «Мектепке чейинки, жалпы орто, орто атайын, кесиптик жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринин педагогикалык кадрларын аттестациядан өткөрүүнүн тартибин өркүндөтүүгө байланыштуу Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Мектепке чейинки, жалпы орто, орто атайын, кесиптик жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринин педагогикалык кадрларын аттестациядан өткөрүүнүн тартибин өркүндөтүү боюнча иш-чаралар жөнүндөгү” 2021-жылдын 17-

сентябрындагы №572 токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» 692-сандуу токтому.

### III. Баалоонун көлөмү

Башталгыч билим берүү мугалимдери үчүн адистик предметинен 35, кесиптик стандарттарынан 5, педагогикалык чеберчиликтен 10, жалпы 50, жалпы 50 тест тапшырмасы берилет жана жалпы тестти аткарууга бөлүнгөн убакыт 120 мүнөт деп белгиленген. Бул жерде жабык тест тапшырмалары *(жалгыз туура жоопту талап кылган (Ү1), дал келтирүүнү талап кылган (Ү2) жана ырааттуулукту талап кылган тест тапшырмалары (Ү3)* колдонулат.

**Тест тапшырмаларынын мазмундук тармагы жана бааланып жаткан билим жана көндүмдөр боюнча бөлүштүрүлүшү**

*1-таблица*

| Мазмун тармагы | Баалана турган конструктор | Тесттердин саны |
|---|---|---|
| **1. Эне тили** | | **12** |
| **1.1. Текстти окуп түшүнүү** | | |
| **Илимий популярдуу текстти окуп түшүнүү** | - *тексттин мазмунуна тиешелүү маалыматты аныктоо;*<br>- *тексттин бөлүктөрүнүн ортосундагы семантикалык байланыштарды аныктоо;*<br>- *тексттин хронологиясын жана ырааттуулугун аныктоо;*<br>- *тексттеги фактылар менен пикирлерди айырмалоо жана себеп-натыйжа байланыштарын аныктоо;*<br>- *маалыматты салыштыруу, жалпылаштыруу жана процесстердин ырааттуулугун түшүнүү.* | 5 |
| **1.2. Тилди практикалык колдонуу** | | |
| **Орфоэпия жана орфография** | - *айтылышы менен жазылышынын айырмачылыктарын аныктай алуу;*<br>- *баш тамгалар, уңгулар жана мүчөлөр, ошондой эле сөздөрдү чогуу, өзүнчө же дефис менен жазууга байланыштуу жазуу эрежелерин билүү жана колдоно алуу;*<br>- *фонетикалык өзгөрүүлөрдү (тыбышты кошуу, алмаштыруу жана түшүп калуусу) айырмалай билүү;* | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| **Пунктуация** | - жазуу кебинде тыныш белгилерин (суроо белгиси, илеп белгиси, көп чекит; үтүр, сызыкча, кош чекит; чекит, үтүрлүү кашаалар, тырмакчалар) туура колдоно билүү; | 1 |
| **Стилистика** | - контекстте сөздөрдүн жана мүчөлөрдүн маанилерин жана функцияларын түшүнүү, айырмалоо жана туура колдоно алуу; | 1 |
| **1.3. Тил теориясы жана лингвистикалык талдоо** | | |
| **Лингвистикалык талдоо** | *- сүйлөмдү азыркы кыргыз адабий тилинин фонетикалык жана лексикалык нормаларына таянып талдоо;*<br>*- сүйлөмдү сөз курамы боюнча талдоо;*<br>*- сүйлөмдү сөз түркүмдөрү боюнча талдоо;* | 3 |
| **2. ОКУУ САБАТТУУЛУГУ** | | **7** |
| **2.1. Көркөм текстти талдоо** | | |
| **Адабий текстти (прозаны) талдоо** | *– тексттин аталышы анын мазмунун канчалык деңгээлде ачып берерин талкуулоо жана ылайыктуу аталыш тандай алуу; тексттеги конкреттүү маалыматты диаграмма же сүрөттөн аныктоо;*<br>*– тексттеги мезгилдик ыраатуулук, хронологиялык тартипти, окуялардын ырааттуулугу;*<br>*– каармандардын эмоционалдык абалын жана ички сезимдерин аныктоо; чыгармадагы эки каармандын ортосундагы мамилени эске алуу; аңгемедеги каармандардын башкача аракет кылуу мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу;*<br>*– Метафоралар же стилистикалык ыкмалар сыяктуу тилдик каражаттардын таасирин сүрөттөө; тексттин жалпы мазмунун же темасын түшүнүү; тексттин кайсы бөлүктөрү белгилүү бир максат үчүн кызмат аткарарын аныктоо;*<br>*– Автор тарабынан мурда көтөрүлгөн көз караш адамдардын ой-кыялдар жана жана жашоо образын канчалык деңгээлде өзгөртө аларын баалоо; тексттен автордун пикирин, ачык айтылбаган ойлорун жана негизги идеяларын түшүнө билүү.* | 5 |
| **2.2. Өзбек жана дүйнөлүк балдар адабияты** | | |

| | | |
|---|---|---|
| **Өзбек жана дүйнөлүк балдар адабияты** | *- жалпы орто билим берүү программасына кирген элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо;*<br>*- жалпы орто билим берүү программасына кирген адабий чыгармалардын үлгүлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо;* | 2 |
| **3. МАТЕМАТIКА** | | **10** |
| **3.1. Сандар жана амалдар** | | |
| **Натурал, бүтүн бөлчөк сандар. Ондук бөлчөктөр** | *- натуралдык сандарды, бүтүн сандарды (терс жана оң) жана бөлчөк сандарды аныктоо жана цифралардын орундук маанисин түшүнүү;*<br>*- ар кандай типтеги сандарды (натуралдык сандар, бүтүн сандар, бөлчөк сандар) салыштыруу жана ирееттөө, амалдардын тартибин түшүнүү жана бөлүнүү эрежелерин колдонуу;*<br>*- формулаларды колдонуу менен амалдардын тартибин сактоо менен маселенин чечимин аныктоо;* | 4 |
| **3.2. Алгебралык ой жүгүртүү** | | |
| **Алгебралык ой жүгүртүү туюнтмалар жана өзгөрмөлөр** | *- алгебралык ой жүгүртүүнү талдоо, берилген алгебралык туюнтмаларды түзүү жана эсептөө; - теңдемелерди жана барабарсыздыктарды түзүү жана чыгаруу;* | 2 |
| **3.3. Геометрия жана өлчөмдөр** | | |
| **Геометрия жана өлчөмдөр** | *Геометриялык фигураларды жана алардын касиеттерин билүү, форма менен өлчөмдөрдүн ортосундагы байланышты түшүнүү жана берилген өлчөөлөргө негизделген геометриялык маселелерди чечүү;*<br>*- узундук, убакыт, масса, көлөм үчүн өлчөө бирдиктерин аныктоо, өлчөө бирдиктерин чоң жана кичине өлчөмдөргө айлантыруу, формаларды жана өлчөө жыйынтыктарын формулалар аркылуу туюнтуу жана ар кандай фигуралардын периметри, аянты жана көлөмү боюнча өлчөөлөрдүн тактыгын баалоо;* | 2 |
| **3.4. Ыктымалдуулук теориясы жана маалыматтар менен иштөө** | | |

| | | |
|---|---|---|
| **Ыктымалдуулук теориясы жана маалыматтар менен иштөө** | *- маалыматтарды ар кандай формаларда (таблицалар, диаграммалар, графиктер) окуу, орточо арифметикалык маанини табуу, статистикалык көрсөткүчтөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды түшүндүрүү жана ар кандай маалыматтар топтомдору менен ыктымалдуулук натыйжаларын салыштыруу;*<br>*- логикалык ой жүгүртүүнү жана арифметикалык амалдарды интеграцияланган комбинаторикалык маселелерди чечүү;* | 2 |
| **4. ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР** | | 3 |
| **4.1. Күн системасы. Жердин бети, табигый аймактар.** | | |
| **Планеталар. Табигый аймактар. Ландшафт.** | *-литосферанын, гидросферанын жана атмосферанын катмарларын, ошондой эле алардын ичинде жүрүүчү табигый процесстерди айырмалоо;*<br>*- Өзбекстан Республикасынын чек аралары, административдик-аймактык бөлүнүшү, климаты жана ресурстары сыяктуу ар тараптуу географиялык мүнөздөмөлөрүн түшүнүү;*<br>*-ландшафттын компоненттерин калыптандыруучу процесстерди аныктоо жана айырмалоо;* | 1 |
| **4.2. Биологиялык системалар жана организмдер** | | |
| **Тирүү организмдердин түзүлүшү жана функциясы** | *-өсүмдүктөрдүн түрлөрүн, алардын жашоо чөйрөсүн, бөлүктөрүн жана негизги мүнөздөмөлөрүн билүү; байкоолордун жана өлчөөлөрдүн жыйынтыктарын жөнөкөй лабораториялык эксперименттерде туура колдонуу;*<br>*-жаныбарлар дүйнөсүнүн классификациясын билүү, экологиялык чөйрө менен адамдын иш-аракетинин ортосундагы байланышты түшүнүү жана азык чынжыры түшүнүгүн практикалык кырдаалдарга колдонуу;*<br>*-адамдын организмин аталыштарын жана функцияларын билүү. Биологиялык процесстердин (тамактануу, зат алмашуу) жөнөкөй моделдери менен иштөө;* | 1 |
| **4.3. Физикалык касиеттер (32-суроо)** | | |

| | | |
|---|---|---|
| **Энергия. Жарык. Кыймыл. Күч.** | *- берилген телолорду алардын физикалык касиеттерине жараша топторго бөлүү; күчтүн таасиринен улам кыймылдын өзгөрүшүнүн себептерин түшүндүрүү; жаратылыш кубулуштары жана процесстери жөнүндө фундаменталдык түшүнүккө ээ болуу; энергиянын касиеттерин аныктоо; жаратылыш кубулуштарына таасир этүүчү факторлорду жана алардын пайда болуу ырааттуулугун түшүндүрүү;* | 1 |
| **5. ТАРБИЯ** | | **3** |
| **5.1. Жеке тарбия жана адеп-ахлактык баалуулуктар** | | |
| **Жеке тарбия жана адеп-ахлактык баалуулуктар** | *- улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын маңызын түшүнүү; туура жана туура эмес аракеттерди айырмалоо; теңчилик жана адилеттүүлүк принциптерин, ошондой эле этикет эрежелерин билүү; чынчылдык, абийирдүүлүк, адептүүлүк, сый-урмат, ички тартип, жоопкерчилик жана эмгекчилдик сыяктуу сапаттарды иш жүзүндө колдонуу жана талдоо;* | 1 |
| **5.2. Социалдык жана жарандык тарбия** | | |
| **Коомдогу милдеттер жана укуктар** | *-жарандык сезими жана таандыктык принциптерин реалдуу жашоодогу кырдаалдарда колдонуу, жарандык укуктар менен милдеттерди айырмалоо; эмоцияларды айырмалоо, коомдогу же жеке өнүгүүдөгү өзгөрүүлөрдү аныктоо; өз алдынча чечим кабыл алуу жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн негизинде талдоо; жаратылышты коргоо жана экологиялык туруктуулукка байланыштуу мамилени колдоо;* | 1 |
| **5.3. Маданияттар аралык коммуникация жана этикалык көрсөтмөлөр** | | |
| **Жашоо көндүмдөрү жана коопсуздук тарбиясы** | *- коом, маале, үй-бүлө жана маданият түшүнүктөрүн түшүнүү, аларды айырмалоо жана алардын функцияларын аныктоо; кызматташтык, толеранттуулук жана этностор аралык ынтымак түшүнүктөрүн айырмалоо; маданияттар аралык баарлашууда этикет эрежелерин колдонуу; басмырлоого каршы жүрүм-турумду, жеке коопсуздукту жана дени сак жашоо образын талдоо;* | 1 |

**Тексттерге коюла турган талаптар** *2-таблица*

| **Тексттер** | **Мазмунга коюлган талаптар** | **Көлөмгө карата** |
|---|---|---|

| | | талаптар |
|---|---|---|
| **Көркөм текст** | *Кыргыз тилинде жазылган (же которулган) көркөм текст (кара сөз түрүндөгү чыгармадан үзүндү) (тест тапшыруучу үчүн тааныш эмес, колдонулуп жаткан окуулукка киргизилген эмес)* | 250-300 сөз |
| **Популярдуу илимий текст** | *Академик усулда жазылган, ошол багытка арналган, кеңири аудиторияга (адис эмес адамга) to'ljallangan, график элементтерди да камтыган илимий-популярдуу текст (тест тапшыруучу үчүн тааныш эмес, колдонулуп жаткан окуулуктарга киргизилген эмес)* | 100-130 сөз |

**Кесиптик стандарттарга жана педагогикалык чеберчиликке негизделген тесттик тапшырмалардын мазмундук багыты жана баалана турган билим жана көндүмдөр боюнча бөлүштүрүлүшү.**

*3-таблица*

| **1. КЕСИПТИК СТАНДАРТ (36 – 40-суроолор)** | | **5** |
|---|---|---|
| **1. Кесиптик стандарттар** | *– педагогиканын кесиптик стандарттарын (билим берүү процессин пландаштыруу; билим берүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылуу; окуучулардын өздөштүрүүсүн баала жана кайтарым мамилени сунуштоо, тарбиялык ишмердүүлүктү уюштуруу, коопсуз өнүгүүчү окуу чөйрөсүн түзүү жана камсыздоо; өзүн-өзү өнүктүрүү жана кесиптик өсүү, о.э. кесиптештер жана окуучулардын ата-энелери менен кызматташуу) билүү жана педагогикалык кырдаалдарда колдоно алуу.* | 5 |
| **2. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИК (41 – 50-суроолор)** | | **10** |
| **2.1. Жалпы педагогика** | *– педагогика, дидактика, тарбия жана жаш психологиясынын негизги түшүнүктөрү жана категориялары, педагогикалык ыкмалар жана билим берүү парадигмаларын билүү жана берилген кырдаалга ылайыктуусун тандай алуу;*<br>*– педагогиканын принциптерин (аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк, көрсөтмөлүүлүк, системалуулук жана ырааттуулук, илимийлүүлүк, теория менен практиканын биримдиги жана башкалар) билүү жана берилген кырдаалга ылайыктуусун тандай билүү;*<br>*– тарбия жана анын түрлөрүн билүү, бири-биринен айырмалоо жана берилген кырдаалга ылайыктуусун тандай билүү;*<br>*– сабак жана анын түрлөрүн (жаңы билим берүү сабагы, бышыктоо сабагы, кайталоо жана жалпылоо сабагы, текшерүү (көзөмөл) сабагы, аралаш сабак; лекция сабагы, баарлашуу сабагы, практикалык сабак, лабораториялык* | 7 |

| | | |
|---|---|---|
| | *сабак, өз алдынча иш сабагы; салттуу сабак, салттуу эмес сабак жана башкалар) билүү, сабакты пландаштыруу, уюштуруу жана классты башкаруу ыкмаларын конкреттүү кырдаалдарда колдоно билүү, билим берүү процессин долбоорлоо жана башкаруу, көйгөйлүү кырдаалда туура чечим кабыл алуу;*<br>*– класс жетекчисинин укуктарын жана милдеттерин билүү, класс документтери менен иштей билүү, аларды жүргүзүүдө туура ырааттуулукка ылайык аракеттенүү, класс жамаатын туура калыптандыруу, баарлашууда педагогикалык этика эрежелерин сактоо, ата-энелер менен кызматташтыктын натыйжалуу формаларын тандоо, көйгөйлүү кырдаалда эң ылайыктуу стратегиялык ыкманы колдонуу;*<br>*– педагогикалык этика, кеп, техника, чыгармачылык, педагогикалык адеп, билимдүүлүк/компетенттүүлүк, баарлашуу маданияты, такт/сулуулук, креативдүүлүк, рефлексия жана кесиптик өсүүнүн негиздерин билүү жана берилген кырдаалга ылайыктуусун тандай билүү;*<br>*– педагогикалык жөндөмдүүлүк жана анын түрлөрүн (дидактикалык жөндөмдүүлүк, академиялык жөндөмдүүлүк, перцептивдик-педагогикалык жөндөмдүүлүк, кеп маданияты, баалоо маданияты, технологиялык маданият, уюштуруучулук жөндөмдүүлүк, коммуникативдик жөндөмдүүлүк, авторитардык жөндөмдүүлүк жана башкалар) билүү жана конкреттүү кырдаалдарда колдоно билүү;*<br>*– билим берүү технологияларын (долбоорго негизделген окутуу, проблемалуу окутуу, кызматташтык окутуу, эвристикалык окутуу, инсанга багытталган окутуу, интерактивдүү окутуу, дифференциалдык окутуу, интегралдык окутуу, оюндуу окутуу, инклюзивдик окутуу жана башкалар) билүү жана кырдаалдарга ылайыктуусун тандай билүү;*<br>*– билим берүүдө баалоонун негизги түшүнүктөрүн (баалоонун максаты, принциптери, ыкмалары, баалоонун түрлөрү (формативдик, диагностикалык, суммативдик баалоо), методдору жана технологиялары, каражаттарын) билүү, берилген кырдаалга ылайыктуусун тандоо жана баалоо боюнча кабыл алынган чечимдердин берилген кырдаалга ылайыктуулугуна баа берүү;*<br>*– санариптик сабаттуулук, жасалма интеллект, заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, санариптик платформалар (emaktab.uz жана башкалар) жана ресурстардан (Microsoft Office программалары, интернет тармагынан) пайдаланууну билүү.* | |

| | | |
|---|---|---|
| **2.2. Окутуу методикасы** | *– окутулуучу предметке тиешелүү ыкмаларды, методикасын, окутуу усулдарын жана методдорун билүү жана алардын ортосундагы айырмачылыктарды ажырата билүү менен берилген кырдаалга ылайыктуусун тандоо, ошондой эле окутуу боюнча берилген билим берүү кырдаалына байланыштуу кабыл алынган чечимдерге баа берүү.* | 3 |
| **Жалпы** | | 15 |

**Когнитив көндүмдөрдүн бөлүнүшү**

*4-таблица*

| № | Когнитив даража | Түшүндүрмөсү | Тест саны |
|---|---|---|---|
| **1** | **Билим** | Предметке тиешелүү теориялык маалыматтарды, терминдерди, эрежелерди жана түшүнүктөрдү эстеп калуу, ошондой эле алардын мазмунун, максатын жана колдонулушун түшүнүү. | 8 |
| **2** | **Колдоо** | Билимди, түшүнүктү жана процесстерди жаңы (тааныш эмес) контексттерде колдоно билүү. | 35 |
| **3** | **Ой жүгүртүү** | Фактыларды, далилдерди жана пикирлерди салыштыруу, талдоо жана божомолдорду жана тыянактарды чыгаруу. | 7 |

## IV. Баалоо ченеми

Тест тапшыруучунун жалпы жыйынтыгын эсептөө үчүн ар бир туура жооп үчүн 2 балл, туура эмес жооп үчүн 0 балл берилет. Жалпы 100 баллды түзөт.

## V. Экзамен тартиби

*Мүмкүн болбогон каражаттар:* сынак учурунда мобил телефон, акылдуу саат, планшет же электрондук эскерткичтерден пайдаланууга катуу тыюу салынат.

*Адеп жана тартип:* нуска көчүрүү, жардам суроо же жардам берүү, экзамен учурунда сүйлөшүү, уруксатсыз чыгуу сыяктуу абалдарга тыюу салынат.

Көзөмөлдөөчү тартип бузууну аныктаган учурда аны расмийлештирип, талапкерди тестирлөөдөн четтетет жана анын жыйынтыгы жокко чыгарылат.

## VI. Сунуштала турган негизги адабияттар

1. 1. **Эне тили окуу сабаттуулугу 2-класс** А.Тойчубаева Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2021. -120 б.
2. **Эне тили жана окуу сабаттуулугу 3-класс** А.Тойчубаева Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -144 б.
3. **Эне тили 4-класс** үчүн жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуу
4. **Кыргыз тили. 5-класс** үчүн окуу китеби / Ш. Уринбаева Ташкент:, «Novda» 2022. -224 б.
5. **Кыргыз тили. 6-класс** үчүн окуу китеби / Ш. Уринбаева Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224 б.
6. **Кыргыз тили. 7-класс.** Ш. Уринбаева ж.б. Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224 б.
7. **Адабият. 5-класс** үчүн окуу китеби /М.А.Темирова Ташкент: «Novda»2022. -224 б.
8. **Адабият. 6-класс** үчүн окуу китеби /М.А.Темирова Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224 б.
9. **Окуу китеби: 4-класс** үчүн окуу китеб/ Г.Ералиева, -Ташкент: «O’zbekiston» БПЧҮ, 2024.-176 б.
10. **Математика 2-класс** (Текст): окуу китеби/ Л.Орунбаева ж.б.-Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2021. -192 б.
11. **Математика 3-класс** (Текст): окуу китеби/ Л.Орунбаева ж.б.-Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -192 б.
12. **Математика 4-класс** (Текст): жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуу китеби. Бикбаева Н.У.Ташкент «O’qituvchi» БПЧҮ, 2020.-208 б.
13. **Тарбия: 2-класс** окуу китеби. 1-басылымы. Н.Исматова ж.б –Т.Гафур Гулам атындагы басма-полграфиялык чыгармачылык үйү, 2020. -80 б.
14. Т**арбия: 4-класс** окуу китеби. 1-басылымы. Усманова О.В. ж.б –Т. “Novda” 2025. -80 б.
15. **Табигый илимдер 2-класс** үчүн окуу китеби/ К. Суяров ж.б. –Ташкент Республикалык билим берүү борбору, 2021. -120 б.
16. **Табигый илимдер 3-класс** үчүн окуу китеби/ З. Сангирова ж.б. –Ташкент Республикалык билим берүү борбору, 2022. -136 б.
17. **Табият таануу. 4-класс** жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуу китеби/ А. Бахрамов ж.б. –Ташкент «Sharq» 2020. -120 б.

## Кошумча адабияттар

1.Кыргыз тилинин сөздүгү. Биринчи бөлүк. -Б.: “AVRASYA PRESS”, 2011. -880 б.

2. Кыргыз тилинин сөздүгү. Экинчи бөлүк. -Б.: “AVRASYA PRESS”, 2016. -891 б.

3. Rahmatullayev Sh., Mahmudov N., Xolmanova Z., Oʻrazova I., Rixsiyeva K.: “Oʻzbek tili frazeologik lugʻati” Gʻ.Gʻulom: Toshkent – 2022 y.

4. Begmatov E.A., Madvaliyev A.R., .Odilov Y.R. “Oʻzbek tilining katta imlo lugʻati” “Kafolat print company”: nashriyoti Toshkent – 2023y.

5. Madvaliyev A., Mahkamov N., Xudoyberganova D., Odilov O.: “Oʻzbek tilining izohli lugʻati” “Oʻzbekiston nashriyoti” Toshkent – 2021y.

## VIII. Педагогикалык чеберчилик жана кесиптик стандарттар боюнча булактар

1. Mavlonova R.A., Umumiy pedagogika. Darslik. – Toshkent: Fan va texnologiyalar, 2018. – 528 b.

2. Xoliqov A. Pedagogik mahorat. Darslik, – Toshkent: “Bayoz” nashriyoti, 2025. – 504 b.

3. Tolipov Oʻ., Roʻziyeva D. Pedagogik texnologiyalar va pedagogik mahorat. Oʻquv qoʻllanma. – Toshkent: “Innovatsiya-ziyo” nashriyoti, 2019. – 276 b.

4. Sh. Abdiraimov v.b. Ta’limda baholash va monitoring asoslari. Oʻquv-uslubiy qoʻllanma. – Toshkent, TDYU nashriyoti, 2026. – 208 bet.

5. Umumiy oʻrta ta’lim maktab oʻqituvchisi kasb standarti.

6. Qosimova K., Matchonov S., Gʻulomova X., Yoʻldosheva Sh., Saryiev Sh. Ona tili oʻqitish metodikasi. –Toshkent.: Bayoz, 2022. – 304 b.

7. Jumayev M. E., Tadjiyeva Z. Gʻ.. Boshlangʻich sinflarda matematika oʻqitish metodikasi. –Toshkent.: Bayoz, “Bayoz”- 2022

**Эскертүү:** Тесттик тапшырмалардын мазмуну сунушталган адабияттарда чагылдырылган мазмунга, принциптерге жана ыкмаларга шайкеш келет, бирок тесттик тапшырмалар түздөн-түз булактардан алынбайт. Квалификациялык сыноого даярдануу процессинде сунуш кылынган адабияттар эсте сактап калуу булагы катары кызмат кылбастан, жалпы кесиптик даярдыкты бышыктоого багытталган.